БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# “ИНСАН” Колледж мекемесинин 080110 “Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)” орто кесиптик билим берүү программасын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары

**Төрайым:** **Джумабекова Кыял Беккуловна,**
Кыргыз Эл аралык универсалдуу колледжинин директору.

**Комиссиянын мүчөлөрү:** **Абдыкулова Айжан Акылбековна,**
Билим берүүдөгү Заманбап информациялык технологиялар Институту, Экономика жана менеджмент ПЦК ага окутуучусу.

**Усупбаева Гульнара Сайдиловна,**
КЭДИС колледжи, башкы бухгалтер.

**Референт:** **Чолпонбаева Назгул Шалтаковна,**
ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджери.

***24.04.2026 г. – 25.04.2026 г.***

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

**“ИНСАН” Колледж мекемесинин**
**080110 “Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)” орто кесиптик билим берүү программасын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы толук иштелип чыга элек.
2. Билим берүү программасынын мазмуну жана аны ишке ашыруунун натыйжалары боюнча мониторинг жетиштүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.
3. Колледжде кошумча курстар, факультативдер толук уюштурулган эмес.
4. Билим берүү программасынын мазмунун иштеп чыгууда жана кайра карап чыгууда тышкы эксперттерди жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү толук тартылган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасынын так максаттарын аныктап жана кошумча кесиптик компетенцияларды, күтүлүүчү натыйжаларын толук иштеп чыксын.
2. Билим берүү программасынын мазмуну жана аны ишке ашыруунун натыйжалары боюнча мониторинг системалуу жүргүзүлсүн жана программаны актуалдаштыруу жана жакшыртууга багытталган натыйжалуу механизмдер иштелип чыксын.
3. 2026-жылдын 1-ноябрына чейин программаны ишке ашыруунун алкагында билим берүү натыйжаларын кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө багытталган кошумча билим берүү кызматтары (факультативдер, кошумча курстар) студенттердин муктаждыктарын аныктоо менен уюштурулсун.
4. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү программасынын мазмунун иштеп чыгуу жана кайра карап чыгуу тышкы эксперттерди жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу менен ишке ашырылсын

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча))» багыты боюнча кесипке багыт берүү, үгүттөө иштери жетишээрлик деңгээде жүргүзүлгөн эмес.
2. Колледжде студенттерге жеке билим берүү траекториясын түзүү жана тандоо жол-жоболорун түзүү толук уюштурулган эмес жана академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу механизмдери иштелип чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-июнуна чейин 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» билим берүү программасы боюнча кесипке багыттоо, үгүттөө иштери социалдык тармактарды колдонуу менен активдүү жүргүзүлсүн.
2. Студенттерге жеке билим берүү траекториясын түзүүдө жана тандоодо системалуу колдоо көрсөтүлсүн жана академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу механизмдери иштелип чыксын.

## 2 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактары:**

1. 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» билим берүү программасы боюнча педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окуучулардын үзгүлтүксүз кайтарым байланыштары жетишсиз.
2. Колледжде окуу планынын жана тандоо курстарынын дисциплиналарын үзгүлтүксүз талдоо жана өз убагында жаңыртуу жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Мисалы: жалпы билим берүү дисциплиналары циклдагы элективдүү курста укук таануу дисциплинасы коюлгандыгы талкуу жаратат.

**Сунуштамалар:**

1. 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» билим берүү программасы боюнча окуучулардан педагогикалык ыкмаларды, билим берүү

формаларын жана технологияларын өз убагында баалоого жана оңдоого кайтарым байланыштарды уюштуруу механизмдерин иштеп чыгып системалуу түрдө ишке кригизилсин.

2. Колледжде окуу планынын жана тандоо курстарынын дисциплиналарын үзгүлтүксүз талдоо жана өз убагында жаңыртуу боюнча системалуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.

## 3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Алсыз жактары:**

1. 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» билим берүү программасы боюнча кесиптик дисциплиналарды окутууда штаттык адистердин жоктугу, кадрлардын агымдуулугу сапаттуу билим берүүгө тоскоолдук жаратат.
2. Колледжде педагогикалык кадрларды кабыл алууда, мотивадиялоо, стимулдаштыруу боюнча иш-чаралар уюштурулган эмес.
3. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар уюштурулган эмес.
4. Педагогикалык кызматкерлери окуу китептерин, окуу куралдарын жана башка окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуунун үстүндө иш алып баруу жетишсиз.
5. Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү жетишээрлик деңгээлде эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» программасы боюнча кесиптик штаттык окутуучулардын санын лицензиялык талаптарга  дал келүүсүн камсыз кылсын.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин колледжде педагогикалык кадрларды тандоого, мотивациялоо, стимулдаштыруу механизмдерин иштеп чыксын.
3. 2026-жылдын 1-октябрына чейин окутуучулардын кесиптик билимин жогорулатуу боюнча план түзүлсүн жана ишке ашырылсын.
4. 2026-жылдын 1-декабрына чейин колледждин педагогикалык кызматкерлери окуу китептерин, окуу куралдарын жана башка окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуунун үстүндө план түзүлсүн жана ишке киргизилсин.
5. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүн жана тажрыйба алмашуусун камсыз кылуу максатында академиялык мобилдүүлүк программалары түзүлсүн жана ишке ашырылсын.

**4- Стандарт аткарылбай жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Алсыз жактары:**

1. 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» билим берүү программасы боюнча адистештирилген кесиптик кабинеттер жетиштүү деңгээлде уюштурулган эмес.
2. Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык студенттер керектүү сандагы заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдары жана электрондук окуу куралдары менен жетишээрлик деңгээде камсыз болгон эмес.
3. Практикалык сабактарды өткөрүү үчүн заманбап лабораториялардын жана жабдуулардын жетишсиздиги.
4. Колледжде азыркы учурда автоматташтырылган башкаруу системасы киргизилген эмес. Студенттерди эсепке алуу, графиктерди түзүү жана окуу документтерин иштетүү сыяктуу негизги процесстер кол менен же ар кайсы куралдар менен жасалат, бул иштин натыйжалуулугун төмөндөтөт жана ката кетирүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.
5. Коледждин сайты түзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)» билим берүү программасы боюнча адистештирилген кесиптик кабинеттер жетиштүү деңгээлде уюштурулсун.
2. 2027-жылдын 1-январына чейин мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык студенттерди керектүү сандагы заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдары жана электрондук окуу куралдары менен камсыз кылуу боюнча планы иштелип чыксын жана анын жыйынтыктарын жыл сайын талдоо менен аткарылышы камсыздалсын.
3. 2026-2028-окуу жылдарынын ичинде практикалык сабактарды өткөрүү үчүн заманбап лабораториялар жана жабдуулар менен камсыз болсун.
4. 2026-жылдын 1-октябрына чейин студенттерди эсепке алуу, графиктерди түзүү жана окуу документтерин иштетүү сыяктуу негизги процесстердин натыйжалуулугун көрсөтүү максатында автоматташтырылган башкаруу системасы киргизилсин.
5. 2026-жылдын 1-июнуна чейин коледждин сайты ишке кирсин жана керектүү материалдар менен толукталсын.

**5- Стандарт аткарылбай жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт аткарылбай жатат
5- Стандарт аткарылбай жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**"ИНСАН" Колледж мекемесинин**
**080110 "Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)" орто кесиптик билим берүү программасын 1 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**25.04.2026- ж.**